## Физика жана электроника факультетинин физиканы окутуу технологиялары жана табият таануу кафедрасы

Кафедра 1979-жылдын 30-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку билим берүү министрлигинин буйругу (№ 101/2) менен «Жалпы физика жана физиканы окутуунун методикасы кафедрасы» атында ачылган. Анын аталышы бүгүнкү күнгө чейин бир нече жолу өзгөрдү. Мисалы, физиканы окутуунун методикасы кафедрасы (27.07.1990), мектептик физикалык билим берүүнүн илимий негиздери кафедрасы (1994), физиканы окутуунун технологиялары жана информатика (23.05.1995), физиканы окутуу технологиялары (14.12.1998), физиканы окутуу технологиялары жана табият таануу (2016).

***Кафедранын миссиясы.*** Республикадагы физикалык билим берүүнү максималдуу бийик деңгээлге көтөрүү максатында психолого-педагогикалык илимдерди өндүрүү, жалпы адамзаттык жана этнопедагогикалык баалуулуктардын негизинде таалим – тарбиянын заманбап технологияларын өнүктүрүү.

**Кафедранын негизги милдеттери:**

- орто мектептер, баштапкы жана орто кесиптик билим берүүчү мектептер (бакалавр жана магистердин деңгээлинде) үчүн физика, табият таануу жана астрономия мугалимдерин даярдоо;
- жогорку билим берүүчү окуу жайларга (магистердин деңгээлинде) физика окутуучуларын даярдоо;
- билим берүү мекемелеринде илим-изилдөөчү адистерди даярдоо;
- 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.08- кесиптик педагогика, 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика) адистиктери боюнча аспирантура жана докторантура аркылуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо;
- физика, табият таануу жана астрономияны окутууда жалпы педагогика, дидактика, окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча илимий-изилдөө иштери;
- улуттук университеттин жалпы-гуманитардык факультеттеринин студенттерин “Азыркы табият таануу концепциялары” курсу боюнча окутуу;
- психология, педагогика, физиканы окутуунун теориясы жана методикасы ж.б. боюнча инновациялык жана интерактивдүү ыкмаларды окуп үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу.

Кафедраны түзүлгөндөн баштап 1994-жылга чейин педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ардактуу профессору ***Койчуманов Маамет Койчуманович (1933-2016)*** жетектеген. Ошол жылдары ал материалдык-техникалык базаны чыңдоо, окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу, педагогикалык кадрларды тандоодо, жаштарды тарбиялоодо көптөгөн иштерди жасаган.



1980-90-жылдары кафедрада илимдин кандидаттары, доценттер М.К.Койчуманов С.С.Панков, А.Мадьяров, Н.Л.Луканцевер, С.Джумабаев, С.С.Мищенко, Э.Мамбетакунов; ага окутуучулар А.П.Стабников, С.Орозалиева, А.Бекболотов, С.Абдылдаева, Т.Бийназарова, С.В.Макарова, Т.В.Тузова, Ү. Сейталиев, инженердик-техникалык кызматкерлер: А.Ибраев жана башкалар эмгектенишкен.

1994 жылдан баштап кафедраны педагогика илимдеринин доктору (1992), профессор (1994), КР УИАнын корреспондент-мүчөсү (2000), Ардактуу академиги (2021), Кыргыз билим берүү академиясынын академиги (2014), Илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (2004), Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер(2022), бир нече чет элдик академиялардын академиги (МАГО, АПСН РФ) ***Мамбетакунов Эсенбек*** жетектейт.



1991-жылдан кафедрада илимдин кандидаттары, доценттер Койчуманов М. Дуйшенов Э., Исаева Р.У., Дөөлөталиева А.С., Исмаилова Г.Д., доцент Джумабаев Б.А., ага окутуучулар А.Н. Ибраев, Ж.Молдошева, А.Калыбеков, И.Д. Орехова, Д.Р.Бейшеналиева; инженердик-техникалык кызматкерлер: лаборатория башчысы Тологон уулу Мирбек, лаборанттар Боскеева Г.Э., Шумкарбекова И., Тыныбек кызы Айдана иштеп келишет.

Ар түрдүү типтеги окуу жайларда иштөөчү болочок мугалимдерди теориялык, психолого-педагогикалык жана кесиптик-технологиялык жактан даярдоо максатында физиканы окутуунун теориясы жана методикасы боюнча көптөгөн дисциплиналар окутулат. Алар:

**Бакалавриат боюнча:**

1. Логиканын негиздери
2. Азыркы мектептин физика курсунун илимий негиздери
3. Физиканын тарыхы
4. Физика боюнча класстан тышкаркы иштер
5. Физиканы окутуунун теориясы жана методикасы
6. Илимий түшүнүктөрдү калыптандыруунун психодидактикалык негиздери
7. Негизги мектепте физиканы окутуунун технологиялары
8. Орто мектепте физиканы окутуу технологиялары
9. Физиканы окутууда заманбап каражаттарды колдонуу технологиялары.
10. Астрономия
11. Мектепте физикалык экспериментти уюштуруу технологиялары
12. Практикалык көнүмүштөрдү өнүктүрүү практикуму.
13. Орто мектепте астрономияны окутуу методикасы
14. Физиканы өнүктүрүп окутуунун инновациялык методдору жана формалары
15. Жогорку окуу жайларында физикалык билим берүүнү санариптештирүү

Төмөнкү дисциплиналар боюнча лабораториялык сабактар өткөрүлөт:

1. Мектепте физикалык экспериментти уюштуруу технологиялары
2. Физиканы окутууда заманбап каражаттарды колдонуу технологиялары.
3. Негизги жана орто мектепте физиканы окутуунун технологиялары
4. Орто мектепте астрономияны окутуунун методикасы

**Магистратура боюнча**

1. Физиканын тарыхы жана методологиясы
2. Илимий чыгармачылыктын методологиясы
3. Атайын физикалык практикум
4. Жогорку окуу жайларында физикалык билим берүүнү санариптештирүү
5. Педагогикалык эксперименттин теориясы жана практикасы
6. Психолого-педагогикалык изилдөөлөрдүн методологиясы

7. Физикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун теориясы
8. Өз алдынча иштерди уюштуруунун теориясы жана практикасы
9. Физикалык маселелерди чыгаруунун теориясы жана методикасы
10. Түрдүү типтеги окуу жайларда физикалык экспериментти өткөрүү технологиялары
11. Жогорку окуу жайларында физиканы окутуунун психологиялык дидактикалык негиздери
12. Жогорку окуу жайларында физиканы окутуунун методикасы
13. Физиканы окутуунун маалыматтык коммуникативдик технологиялары
14. Физиканы окутуунун инновациялык процестери

Лабораториялык сабактар тийиштүү материалдар, көргөзмө каражаттар, техникалар жана куралдар менен жабдылган лабораторияда (№ 110 ауд.) өткөрүлөт. Анда 826 329 сомдук курал-жабдыктар бар. Лабораторияда видеопроектор, телевизор жана электрондук доска колдонулат. Астрономия боюнча практикалык жана лабораториялык сабактар кафедранын ага окутуучусу А.Калыбеков түзгөн жана жабдыган обсерваторияда өткөрүлөт.





Кафедрада 1996-жылы 510403-физиканы окутуу теориясы жана методикасы адистиги боюнча магистратура ачылган. Магистратураны 2024-жылга чейин 118 магистрант бүтүрдү жана республиканын ар түрдүү окуу жайларында, илимий мекемелеринде ийгиликтүү иштеп жүрүшөт.

Кафедрада доцент Койчуманов Маамет Койчумановичтин атын алып жүргөн “Физиканы окутуунун методикасы” окуу кабинети; профессор Э. Мамбетакуновдун “Табигый-илимий билим берүүнүн психодидактикасы” окуу-илимий лабораториясы, 123А-аудитория “Болочок физик-педагогдорду

даярдоо" (доцент Исаева Р.У.), 10-аудитория "Физиканы окутуу технологиялары лабораториясы" (ага окутуучу Калыбеков А.) түзүлгөн. Лабораторияда 200дөн ашык диссертациялар, авторефераттар, 1000ден ашык илимий-методикалык адабияттар чогултулган. ИНТЕРНЕТке кошулган 4 компьютер иштейт. Анда студенттер жана магистранттар өздөрүнүн окуу-илимий жана илимий-изилдөөчүлүк иштерин өткөрүшөт. Алар курстук, квалификациялык жана магистердик дисстертациялык жумуштарын аткарууда керектүү маалыматтарды алышат. Физикалык билим берүүдөгү инновациялык маалыматтар менен таанышып, илимий-практикалык конференцияларга даярданышат.

Кафедрада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (физика, астрономия) адистиктери 13.00.08- кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы боюнча аспирантура жана докторантура ачылган. 11 докторлук (Мамбетакунов Э., Ким В.А., Сияев Т., Уметов Т., Мааткеримов Н.О, Мамбетакунов У.Э., Раимкулова А.С., Курманкулов Ш., Байсеркеев А.Э., Оспанбеков Е., Кособаева Б.М., Булбул Ерженбек, Искакова Г.), 26 кандидаттык жана 118 магистердик диссертациялар корголгон.

1999-жылдан баштап «Мектепте жана жогорку окуу жайларында табигый-математикалык предметтерди окутуунун актуалдуу проблемалары» темасындагы Республикалык илимий - практикалык конференция дайыма өткөрүлөт. Конференциянын материалдары Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Жарчысына" жарыяланып турат.

Физика, физика окутуучусу квалификациясын алган кафедранын бүтүрүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде, баштапкы, орто жана жогорку кесиптик окуу жайларында, илим-изилдөө уюмдарында иштешет. Алардын арасында жөнөкөй белдүү мугалимдер, белгилүү окумуштуулар, мектептин директорлору, билим берүүнүн эмгек сиңирген кызматкерлери, коомдук ишмерлер бар (Искакова Г., Байматов Н., Омурзакова Т., Сияев Т.М., Эсенаманов Б., Субакожоев М., Ибраимов Б. ж.б.)

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы атайын дисциплиналардан тышкары жалпы-гуманитардык адистиктер үчүн "Азыркы табият таануунун концепциялары" дисциплинасы боюнча лекция окушат жана практикалык сабактарды өткөрүшөт.

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан бардык окуу курстары боюнча окуу-методикалык комплекстер иштелип чыккан. Төмөнкү окуу-методикалык комплекстер бардык талаптарга жооп бергендей абалда даярдалып, типографиядан чыгарылган:

1. “Концепции современного естествознания” дисциплинасы боюнча окуу-методикалык комплекс (авторлор: Мамбетакунов Э., Исаева Р.У., Исмаилова Г.Д. –Б.: Транс Принт, 2016. -288б.)

2. “Окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун психолого-дидактикалык негиздери” дисциплинасы боюнча окуу-методикалык комплекс (авторлор: Мамбетакунов Э., Исаева Р.У. –Б.: Транс Принт, 2016. 9,5 б.т.).

***Илим-изилдөө иштери***.

Илимий проблема: Кыргыз Республикасында табият таануу, физика жана астрономия боюнча билим берүүнүн мазмунун жана технологияларын өркүндөтүү.

Проблемага кирген темалар: 1. Мектепте табигый илимий, физикалык жана астрономиялык билим берүүнүн мазмунун жаңылоо. 2. Мектепте жана жогорку окуу жайларда табият таануу, физика жана астрономияны окутуунун технологияларын өркүндөтүү. 3. Физика жана астрономия мугалимдерин даярдоодогу психолого-дидактикалык проблемалар. 4. Окуучулардын физикалык маселелерди чыгарууга үйрөтүү технологиялары.

Бул проблемалар боюнча акыркы жылдары томөнкүдөй иштер аткарылды:

1. Физика мугалимдеринин психолого-педагогикалык жана кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктөрү иштелип чыкты жана илимий жактан негизделди.

2. 5-класстар үчүн “Табият таануу” предмети боюнча окуу программасы, окуу китеби, байкоо үчүн дептери иштелип чыкты жана басмадан чыгарылды (авторлор профессор Мамбетакунов Э.жана мугалим Рязанцева В.А.). Бул окуу китеби 1997-жылдан баштап республиканын бардык мектептеринде (кыргыз, орус, өзбек тилдеринде) окулуп келет.

3. Физика боюнча предметтик стандарт, мектептин физикалык билим берүү концепциясы, окуу программасы иштелип чыкты, Министрлик тарабынан сунуш кылынып, мектептерди 1997-жылдан азыркы күнгө чейин (авторлор проф. Э.Мамбетакунов жана Т.Карашев) колдонулуп жүрөт.

4. Физика-7 (2000, 2009, 2022 авторлор Э.Мамбетакунов, Б.Мурзаибраимова); Физика-8 (2003, 2008; авторлор Э.Мамбетакунов, Т.Карашев, У.Э.Мамбетакунов, Б.Мурзаибраимова); Физика-9 (2008; авторлор Э.Мамбетакунов, Т.Карашев, М.Токтогулов); Физика-10 (2008; авторлор М.Койчуманов, О.Сулайманова); Физика-11 (2011), Астрономия-11 (2012;

автор Ө.Шаршекеев) окуу китептери кыргыз, орус, өзбек, тажик мектептеринде окутулууда.

5. Мектептик билим берүүнүн жаңы муундагы мамлекеттик стандартынын негизинде профессор Э. Мамбетакуновдун жетекчилиги менен төмөнкү нормативдик документтер иштелип чыкты жана Министрлик тарабынан бекитилген.

а) табият таануу, физика жана астрономия боюнча предметтик стандарттар;

б) табият таануу, физика жана астрономия боюнча окуу программалар;

в) физика мугалимдери үчүн окуу-методикалык комлекстер: окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, окуучунун өз алдынча иши үчүн дептер, маселелер жана көнүгүүлөр жыйнагы;

г) физика боюнча профилдик мектептер үчүн предметтик стандарттар жана окуу программалары.

Кафедрада Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлигинин грантынын эсебинен "Айылдык кесиптик лицейлерде таалим-тарбия технологияларын өркүндөтүү" темасында илим-изилдөө проектиси; Ж.Баласагын атындагы КУУнун ички гранты боюнча кафедранын кызматкерлери (профессор Мамбетакунов Э., ага окутуучу Калыбеков А.) тарабынан "Табият таануу, физика жана астрономия мугалимдерин даярдоону оптималдаштыруу", "Жусуп Баласагындын ааламдын түзүлүшү жөнүндөгү мурастары жана заманбап астрономиялык байкоолор" темасындагы илими-изилдөө иштери аткарылды.

2007-жылдан бери Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун планы боюнча ар бир квартал сайын физика мугалимдеринин кыска мөөнөттөгү курстары өткөрүлөт. 2024-жылга чейин Республиканын бардык региондорунун орто мектептеринин 400дөн ашык физика мугалимдери өздөрүнүн кесиптик компетенцияларын жогорулатышты.

Кафедрада профессор Э.Мамбетакуновдун "Табигый билим берүүнүн психодидактикасы" аттуу илимий мектеби түзүлгөн. Ал илимий мектеп 1992-жылы түзүлө баштаган жана Россиянын табигый билимдер академиясы (протокол №527, 3.08.2015), Россиянын Эл аралык педагогикалык академиясы (протокол №7, 29.09.2015), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар кеңешинин (протокол №88, 10.05.2024) чечими менен расмий бекитилген (университеттин "Илимий мектеп" сайтынан караңыз).

# КАФЕДРАНЫН МҮЧӨЛӨРҮ ЖАНА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР:



**Койчуманов Маамет** (1933-2016) – КМУнун 1954-жылы бүтүргөн, педагогика илимдеринин кандидаты (1974), физиканы окутуу методикасы адистиги боюнча доцент (1992), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору (2013). 156 илимий-методикалык эмгектердин автору. Анын ичинде 2 окуу китеби, 5 окуу куралы, 20 методикалык көрсөтмөлөр бар. Физиканы окутуунун теориясы менен методикасы боюнча 2 педагогика илимдеринин кандидатын, 36 магистрин даярдаган.

Илим изилдөө ишинин негизги багыты: жогорку окуу жайында жалпы физика курсун окутуу методикасы, физиканы окутуу процессинде студенттердин окуу китеби менен иштөөнүн рационалдуу жолдорун иштеп чыгуу, орто жана жогорку окуу жайларда окуучулар менен студенттерди атуулдукка тарбиялоо ж.б.

Базар-Коргон районунун мектебинде физика мугалими, Ош мамлекеттик университеттинде физика-математика факультетинин ага окутуучусу, факультеттин деканы, Фрунзе политехникалык институтунун Оштогу филиалынын деканы, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде ага окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы кызматтарын аткарган. Активдүү коомдук ишмер, социалдык мамилелер боюнча билгиликтүү Инсан, тажрыйбалуу насаатчы, үй-бүлөдө камкор ата, жолдоштору менен кесиптештеринин ишеничтүү тиреги болгон. Кафедранын ачылышына жана анын өсүп-өнүгүшүнө эбегейсиз зор салым кошкон. Университеттин жана физика факультетинин бардык иштерине активдүү катышып, мугалимдерди даярдоого болгон билимин, күч-аракетин жумшаган.

*Сыйлыктары:*

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер советинин; Билим берүү министрлигинин; агартуу, жогорку мектеп жана илимий мекемелердин кызматкерлер профсоюзунун Ардак грамоталары -6 даана
2. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Кыргыз билим берүү академиясынын Ыраазычылык каттары -3даана
3. Кыргыз ССР Жогорку советинин грамотасы, №63730, 12.02.1983
4. СССР Жогорку советинин Президиумунун “Эмгек ветераны” медалы, 28.11.1986

5. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, ПУ-235, 21.09. 1999.



**Мамбетакунов Эсенбек**
**Педагогика илимдеринин доктору, профессор**

Илимий-методикалык жана публицистикалык эмгектеринин саны 660. Анын ичинде 16 монография, 19 окуу китеби, 82 окуу-методикалык көрсөтмөлөр бар. Жетекчилиги менен 11 докторлук, 26 кандидаттык диссертация корголгон.

1993-1995, 2002-2003, 2011-2015, 2018-2022-жылдары педагогика боюнча докторлук диссертациялык кеңештин төрагасы, 2023-жылдан кеңештин мүчөсү. 1996-2001, 2004-2010-жылдары Улуттук аттестациялык комиссиясынын Педагогика боюнча эксперттик кеңешинин төрагасы.

Билим жана илим министрлигинин алдындагы табигый илимдер боюнча окуу-методикалык комплекстерин даярдоо кеңешинин төрагасы (1992-2020)

Улуттук университеттин Окумуштуулар кеңешинин, окуу-методикалык комиссиясынын, илимий-техникалык кеңешинин, физика жана электроника факультетинин Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү (1992-2025-ж.)

1997-2010 жана 2018-жылдан бери Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинде докторлук диссертациялык кеңештин мүчөсү.

Кыргызстан физиктер коомунун төрагасынын билим берүү тармагы боюнча орун басары (1993-жылдан бери)

2015-жылы уюштурулган “Кыргызстан педагогдор коомунун” төрагасы.

Илимге, педагогикалык ишке сиңирген өзгөчө кызматы үчүн Ж.Баласагын атындагы сыйлыктын (1998), илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыктын (2004) ээси. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер (2022), Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (2008), Кыргыз Республикасынын жана СССРдин эл агартуусунун отличниги төш белгиси (1984,1991), “Кыргыз тили” төш белгиси, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти (2000), Ардактуу академиги (2021), Кыргыз билим берүү академиясынын академиги (2014), МАГО (1995), АПСН РФ академиги (1998) наамдары ыйгарылган.



**ИСАЕВА РАПИЯ УРКАСЫМОВНА**
**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент**

Илимий-методикалык эмгектеринин жалпы саны 111, анын ичинен 8 окуу, окуу-методикалык куралдар, 2-окуу-методикалык-комплекс, 3 макала Скопус журналдарында (Россияда, Казахстанда, Өзбекстанда, Украинада, Иранда) жарык көргөн.

Кыргызстандын физиктери коомунун» жооптуу катчысы (2009-жылдан бери); Ж.Баласагын ат. КУУнун этика комиссиясынын мүчөсү (2010); Ж.Баласагын ат. КУУнун коррупцияга каршы комиссиясынын мүчөсү (2010); Ж.Баласагын ат. КУУнун Окуу-методикалык советинин мүчөсү (2009-2013-жж.); 10 Эл аралык жана 12 республикалык илимий-практикалык конференциялардын уюштуруу комитетинин мүчөсү; физика жана электроника факультетинин Окумуштуулар кенешинин жана окуу-методикалык комиссиясынын мүчөсү (199-2016-жж.); УИКтин төрайымы: КР ЖК депутаттарын шайлоо (2010, 2015, 2020, 2021), КР Президенттин (2011,2021), Бишкек шаарынын жергиликтүү кеңешинине депутаттарды шайлоо (2011, 2015, 2021); КУУнун кабыл алуу комиссиясынын жоопту катчысынын орун басары (2010-2015жж); Ж.Баласагын ат.КУУнун ректорун шайлоо боюнча уюштуруу комитетинин мүчөсү (2014, 2017); Ж.Баласагын ат.КУУнун финансы боюнча Комитетинин мүчөсү (2016-2019); «Сапаттуу билим» көз карандысыз билим берүүчү уюмдарды жана программаларды аккредитациялоо агентствосунун эксперти; КР Билим берүү жана илим министрлигинин лицензиялоо, аттестациялоо жана аккредитациялоо боюнча эксперти (2019-2021, 2024); КРнын Президентине караштуу Антикоррупциялык Кеңештин мүчөсү” (2021-ж.бери); Казахстан Республикасына абитуриенттерди тандоо комиссиясын төрайымы, КРнын ББжИМ (2022, июнь, 2024, июнь); этникалык кыргыздарды КРнын ЖОЖдоруна тандоо боюнча комиссиянын төрайымы, КРнын ББжИМ (2022, сентябрь); ЖОЖдун ректорун шайлоо боюнча конкурстук комиссиянын мүчөсү, КРнын ББжИМ. (2022, сентябрь); КРнын ББжИ министрлигинен алдындагы билим берүүчү мекемелерди лицензиялоо Советинин мүчөсү (2023-жылдан бери); КРнын Президентине караштуу АДСтин Башкы катчысын орун басары (2024-ж.бери); Венгрияга студенттерди, магистранттарды, доктoранттарды тандоо комиссиясынын төрайымы, КРнын ББжИМ (2023, февраль, 2025, февраль).

Билим берүүдөгү, илимий жана коомдук иштердеги сиңирген өзгөчө кызматы үчүн сыйланган сыйлыктары жана ыйгарылган наамдары: Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы. Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы. 20.12.2022-ж., КР билим берүү жана илим

министрлигинин Ардак грамотасы (2004), Кыргыз Республикасынын “Билим берүүсүнүн мыктысы” төш белгиси (2008), Ж.Баласагын атындагы КУУнун “Мыкты лектору” (2012), КРнын Президентинин алдындагы кыргыз тил комиссиясынын төш белгиси (2020), КРнын ББжИ министрлигинин “Илимдин мыктысы” төш белгиси (2022), КР Улуттук мамлекеттик коопсуздук комитетинин Ардак грамотасы (2022), КРнын Президентине караштуу Антикоррупциялык советтин Ардак грамотасы (2021) жана “Антикоррупциянын мүчөсү” медалы (2024), Борбордук шайлоо комиссиясынын жана Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын Ардак грамоталары (2021,2022), Ж.Баласагын атындагы КУУнун мыкты илимий изилдөөчүсү (2022), Ж.Баласагын ат. КУУнун Ардак грамоталары (2001, 2024).



**Джумабаев Бердибек Абдраимович**

Доцент, ФПИ нин “Оптоэлектроника” илимий лабораториясын түзүүчүлөрдүн бири, голограф-изилдөөчү, 80 ден ашуун илимий, илимий-методикалык макалалардын автору, 4 авторлук:

«Кыргыз дүйнөтаанымы», «Кыргыз таануу» монографияларынын автору**,** «Когеренттүү жана сызыктуу эмес оптика», «Куттуу айыл Куланак», «Улуттук идеологиянын жаралышы», «Кыргыз Нарктуулук идеологиясы» ж.б. китептердин автору.

*Коомдук ишмердиги:*

Кыргыз Эл Аксакалдар кеңешинин төрагасы (2020), “Даанышман Кенеш” Коомдук бирикмесин түзгөн, төрагасы (2014), 2011-жылдан баштап «Элдик Курултай» уюштуруучулардын бири (2011-), Нарын аймагынын “Ынтымак” коомунун президиумунун мүчөсү (2000), “Чабыт” Социалдык экология кыймылынын түзүүчүсү (1995).

*Сыйлыктары:*

2019ж. И.Арабаев ат.КМУ нун ардактуу профессору Күбөлүгү, 2019ж. Президенттин алд-ы Мамтил б-ча Улут-к комис-н «Кыргыз тили» төш белгиси, 2018ж. Укук боюнча коомдук бирикме-н ассоциациясынын «Даанышман» төш белгиси, 2014ж. Ж. Баласагын ат. КУУ нун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, 2009ж. КР дин билим берүүсүнүн отличниги, 2006-ж. Кыргыз Республикасынын УАК ынын доценттик дипломү, 2004-2015ж.Ардак грамоталар: Илим ж-а ББ мин-и (2004), КУУ

(2005, 2010), КММА (2015), 1996-2015ж. Сертификаттар: “Кыргыз педагогдор коому”(2015), Экономика ж-а Финансы ин-у (2012), КУУ (2002), Сорос Фонду (1999), Каунтерпарт Консорциум (1996). 1971- ж. «Физик, окутуучу физик» квалификациясы ыйгарыл-ы туура-у КМУ нун диплому. 1963- ж. А.Аралбаев атындагы Куланак орто мектебин бүтүргөндүк аттестаты.



**Исмаилова Гулзат Дерденбаевна**
**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент**

Жарык көргөн илимий эмгектеринин саны 45. Анын ичинен 6 усулдук колдонмо, 7 илимий макаласы чет өлкөлөрдүн илимий басмаларында алардын ичинен 2 макаласы SKOPUS ка жарыяланган.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин, илимий-техникалык кеңешинин мүчөсү (2018-2019), Ж.Баласагын ат. КУУнун Окуу-методикалык советинин мүчөсү (2022-2024-жж.); Эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференциялардын уюштуруу комитетинин мүчөсү; Ж.Баласагын ат. КУУнун финансы боюнча Комитетинин мүчөсү (2020-2021); КР Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүү ишмердүүлүгүн лицензиялоо боюнча эксперти; физика жана электроника факультетинин окуу-методикалык комиссиясынын мүчөсү (2018-2025-жж.); физика жана электроника факультетинин Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү (2018-2025).

Физика жана электроника факультетинин деканынын орун басары (2018-2025ж).

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги, билим берүү тармагына, келечектеги адистерди тарбиялоодогу кошкон салымын баалап университеттин бир нече Ардак грамоталарына (2015, 2024) жана ректордун ыраазычылык баракчаларына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Ардак грамотасына" (2022- ж.) ээ болгон.

Көп жылдык педагогикалык ишмердүүлүгү, квалификациалуу кадрларды даярдоодо жана тарбиялоодогу эмгеги үчүн Кыргызстандын Аялдар Конгрессинин “Лидерлик үчүн” алтын медалынын ээси.



**Дөөлөталиева Айчүрөк Сүйүналиевна**
**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.**

*Илимий эмгектери:* 60 тан ашуун илимий эмгектери жарыяланган. Анын ичинен 2 окуу куралы, 15 окуу-методикалык куралы, илимий макалалары Россия, Алматынын журналдарында да жарык көргөн.

*Илимий жана кесиптик коомдук иштерге мүчөлүгү:* «Кыргызстандагы физиктер коомунун» мүчөсү; «Кыргызстандагы педагогдор коомунун» мүчөсү; «Физиканы окутуу технологиялары жана табият таануу» кафедрасынын профкому.

1994-2000 – Бишкек шаарындагы №38 мектеп-гимназиясында физика мугалими; Физика-техникалык факультетинин метрология кафедрасында 1-категориядагы инженери; Жалпы физика кафедрасынын ага лаборанты; 2002-2009 - «Кыргызстан Улуттук Электр тармагы» ААК сында Башкаруунун автоматташтырылган системасы бөлүмүндө ЭЭМдин оператору; 2005-2009 - Башкаруу Укук Финансы жана Бизнес Эл аралык Академиясында физика адистиги боюнча ага окутуучу; 2009-2013 - Ж.Баласагын ат. КУУ нун ФОТжТТ кафедрасында доценттин милдетин аткаруучу; 2013-жылдан бүгүнкү күнгө чейин - Ж. Баласагын ат. КУУ нун ФОТжТТ кафедрасынын доценти; 2016-2018 - Ж. Баласагын ат. КУУнун Физика жана электроника факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары; 2017-2018 - Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Физика жана электроника факультетинин деканынын милдетин аткаруучу; 2016-2018 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Илим департаментинин илимдин приоритеттик багыттары боюнча Эксперттик кеңешинин мүчөсү; 2019-2025 Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Физика жана электроника факультетинде “Физика” багыты боюнча Мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын мүчөсү; 2023-жылдан бери Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Физика жана электроника факультетинин тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары кызматын өтөп келүүдө.

*Мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктары:*

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин «Эмгектеги, окуу-методикалык, илимий жана коомдук иштердеги мыкты эмгеги үчүн ***Ардак грамота*** (2016), Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн ***Ардак грамота*** (2021), КРнын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитети, Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы жана көп жылдык

үзүрлүү эмгеги үчүн ***Ардак грамота*** (2024), Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 33 жылдыгына арналган майрамдык иш-чараны өткөрүүдө көрсөткөн кесипкөйлүгү жана колдоосу үчүн КРнын Президентинин администрациясынын атынан ***Ыраазычылык кат*** (2024), Билим берүү жана илим министрлигинин «***Билим берүүнүн мыктысы»*** төш белгисинин ээси (2017). «***Кыргыз улуттук университетинин эмгек сиңирген кызматкери»*** (2021). КРнын Аялдар Конгрессинен: Эл аралык маанидеги «***Лидерлик үчүн***» алтын медалы (2021); эмгектеги жетишкендиктери, жогорку кесиптик чеберчилиги, балдарды жакшы тарбиялагандыгы үчүн ***«Өрнөктүү эне»*** медалы (2018); эмгектеги жетишкендиктери, көп жылдык ак ниет эмгеги үчүн ***«Эмгектеги каармандыгы үчүн»*** медалы (2022); Эмгектеги жетишкендиктери, көп жылдык ак ниет эмгеги үчүн ***«Жылдын мыкты айымы»*** (2023) медалдарынын ээси. Көптөгөн сертификаттарга, ардак грамоталарга жана дипломдорго ээ болгон.



**Ибраев Абдыжапар Надырбекович**

**Физиканы окутуунунун технологиялары жана табият таануу кафедрасынын ага окутуучусу.**

Окуу китеп -1, илимий-методикалык көрсөтмө - 7, илимий- методикалык макала -14.

КРнын Билим берүү министирлигинин ардак грамотасы (2011)

Кыргыз Улуттук университетинин ардагери ардактуу наамы. (2020)



**КАЛЫБЕКОВ АБАКИР**

**Физиканы окутуунунун технологиялары жана табият таануу кафедрасынын ага окутуучусу.**

*Илимий эмгектери:* Жалпы саны 30. Анын ичинен 1 монография, 1 окуу китеби, 4 окуу куралы, макалаларынын саны 24.

*Сыйлыктары:*

1996-ж. КР билим берүүсүнүн мыктысы, 2007-ж. КР КБА Ардак грамотасы, 2008-ж. Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасы, 2013-ж. Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ардак грамотасы, 2014-ж. Эл аралык астрономиялык олимпиадада КР командасынын ийгиликтери үчүн Евро-Азия астрономиялык коомунун Ардак Грамотасы, 2016-ж. "Наука вчера, сегодня, завтра" деп аталган Эл аралык илимий-практикалык конференцияда "Астрономические основы Плеядо-Лунного календаря" деген доклады үчүн сертификат. Г. Новосибирск, 2017-ж. "Жаштарга жана балдарга кошумча билим берүү" аталган VI Эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышкандыгы үчүн КР билим берүү жана илим минстрлигинин сертификаты.



**Орехова Ирина Дмитриевна**

**Старший преподаватель кафедры ТОФиЕ**

В национальном университете работаю с 1982 года, на кафедре ТОФиЕ с 2009 года. Имеется четыре высших образования.

Учебник 2, методическая пособия 3, научные статья 7.

За многолетний труд имею благодарности, награждена почетными грамотами КНУ им. Ж. Баласагына и Академии Управления при Президенте КР, за добросовестную работу; имею множество сертификатов, наград и дипломов.



**Төлөгөн уулу Мирбек**

**ФОТжТТ кафедрасынын лаборатория башчысы, окутуучу.**

Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ыраазычылык баракчасы (2018)

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ардак грамотасынын (2020)



**Шумкарбекова Ибарат**

**ФОТжТТ кафедрасынын лаборанты.**

Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ыраазычылык баракчасы (2020)



**Тыныбек кызы Айдана**

**ФОТжТТ кафедрасынын лаборанты, окутуучу.**

Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ыраазычылык баракчасы (2024)




**Физиканы окутуу технологиялары жана табият таануу кафедрасынын жалпы курамы**



**Физика жана электроника факультетинин жаматы**